УДК 17

Токтогулова Г.Т.
*Жалал-Абад мамлекеттик университети*

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗҮН-ӨЗҮ БАШКАРУУНУН РОЛУ

*Бул илимий макалада билим берүүнү өнүктүрүүдө жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун ролу философиялык өңүттө талданды.*

*В этой статье дан анализ роли местного самоуправления в процессе образования на философском аспекте.*

Бүгүнкү күндө билим берүү процессин модернизациялоо жана үктүрүү дүйнө элдериндеги приоритеттүү багыттардан. Азыркы мезгилдеги базар экономикасы жана жогорку технологиялык прогресс доорунда кесипкөй адистердин жогорку моралдык сапаты, маданий деңгээли жана адистик билими, жөндөмдүүлүгү өзгөчө баалуулук болуп саналат. Андай адистерди окутуу жана тарбиялоодо, билим берүүдө жаңы эффективдүү өз алдынча өнүгүп кете алган система талап кылынат.

Башка прогрессивдүү мамлекеттер сыяктуу Кыргызстан да бул багыттан четте калбастан, мектепке чейинки, мектеп жашындагы, атайын кесиптик, жогорку жана жогорку окуу жайын аяктагандан кийинки билим берүүдө, дээрлик билим берүүнүн бардык тармагында модернизациялоо процессине активдүү катышууда.

Билим - бул адамдардын практикалык жана ойлоо ишмердигинин туундусу; коомдогу жана жаратылыштагы көрүнүштөр тууралуу алынган ишенимдүү маалыматтардын жыйындысы. Дүйнөнү практикалык жактан өзгөртүү процессинде адамдардын ошол объективдүү дүйнөнүн кубулуштары, касиеттери, ич ара байланыштары, өнүгүш закон ченемдери жөнүндө билгени тил аркылуу туюнтулат. Билим таанып-билүү менен тыгыз байланыштуу, анын натыйжасы жана составдык бөлүгү. Ар бир жаңы муун өзүнөн мурдагы муундун билимин өздөштүрүп, аны байытып, өнүктүрүп алдыга жылдырат. Билим күндөлүк тажрыйба, илимий байкоо, теориялар аркылуу топтолот. Адамзат өзү жеткен билимге таянып жаратылыштын күчтөрүн багындыруу менен, материалдык байлыктарды өндүрүп коомдук мамилелерди өзгөртүп турат. Ошондой эле билим алуу - мамлекеттин Конституциясында көрсөтүлгөн негизги укуктардын бири. Ал эми билим берүү - граждандарга берилүүчү илим, билимдердин, таалимдердин, өнөрлөрдүн жыйындысы. Билим окуу жайларда окутуу аркылуу берилет. Ошондой эле ар бир адам өз алдынча окуп да билим алат. Бардык кесиптеги адамдарга керек билим жалпы билим деп, ар кыл кесип үчүн керек атайын маалыматтар жана өнөр үйрөтчү билим кесиптик билим деп аталат. Билим берүү мазмуну боюнча коомду бийлеп турган таптын мүдөсүнө баш иет деп жазылган Кыргыз Совет энциклопедиясында [1, 487].

Ал эми жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу – Конституцияга, ушул мыйзамга жана башка мыйзамдарга ылайык жергиликтүү маанидеги суроолорду жергиликтүү жамаат өз кызыкчылыгында чечүүгө Кыргыз Республикасынын Конституциясы кепилдик берген укугу жана аркеттери. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун өкүлчүлүк жана аткаруучу-башкаруучу органдары аркылуу айылдык округдун, кыштактын жана шаардын аймагында, эң негизгиси жарандардын катышуусу менен ишке ашырылат. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун негизги милдеттери: калкты таза суу менен камсыздоо; жергиликтүү медициналык мекемелердин материалдык-техникалык базасын чыңдоо; калк арасында санитардык гигенаны сактоо жөнүндө маалыматтык түшүндүрүүчүлүк иш-чараларды өткөрүү; жайыттарды башкаруу; билим берүүгө рационалдуу таасир көрсөтүү [2, 8,17]. Ушулардын баары жалпы система болуп, өзүнүн спецификасы, өнүгүү жолу жана ар түрдүү көйгөйлөрү менен коштолууда.

Азыркы учурда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу (айыл өкмөт, өкмөттөр) билим берүү мекемелерине, бир жагынан, уюштуруучу (өкмөт аркылуу), экинчи жагынан, колдонуучу катары иш алып барууда. Ошондуктан билим берүүнү өнүктүрүү үчүн:

1) бала бакча маселелерин чечүү керек, бул - мектепке даярдык, балдардын ден соолугу, ата энелердин иштөө мүмкүнчүлүгү.

2) аксакалдар кеңеши менен айыл башчылары аркылуу өткөөл жаштагы улан кыздарга (8-15) таалим тарбия берүүнү уюштуруу жана колго алуу (ар бир көчөдө кимдин баласы, кызы кандай экенин алар жакшы билишет, бирок уюштуруу маселелери чечилбегендиктен, мектеп өзүнчө, милиция өзүнчө, аксакалдар жана айыл башчылар өзүнчө иш алып барат, системалуу эмес, жыйынтык жок).

3) билим сапатын жогорулатуу үчүн өкмөт аймактагы тажрыйбаны колдонсо болот, мисалы, а) үлгүлүү үй-бүлө, б) үлгүлүү кызматкер, в) үлгүлүү чарбакер ж.б.

4) билим берүү мекемелерин, айрыкча, бала бакчаларды камсыздоо үчүн жергиликтүү ишкерлерди тартуу, аларды моралдык колдоого алып, билим берүү мекемелерине жардам берүүсүн уюштуруу.

5) Учур талабына ылайык мектепти айылдын билим жана маданият борборуна айландыруу, ал үчүн ушул багытта кеъеш түзүп, мектептин жетекчисин төрага кылып, системалык түрдө иш алып баруу. Айылдагы концерт, интернет, ар түрдүү спорттук иш-чаралар, ийримдер, жолугушуулар жана башка ушул сыяктуу иш-чаралар мектептин базасында педагогикалык кеъештин көзөмөлүндө таалим-тарбиялык багытта так аныкталып, уюштурулушу зарыл.

6) Айылдагы китепканаларды айыл өкмөтүнүн курамынан чыгарып, мектептерге которуу, каржылоо жана камсыздоо керек. Бул айыл тургундарынын жаштарга, окуучуларга бир гана жерден – мектептен - окууга, маалымат алууга, эс алууга жана билимин өркүндөтүүгө шарт түзөт. Ал эми мамлекетке каражатты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берет (5-10 жылда мектеп айылдын борборуна айланат). Айыл өкмөт экономика маселесин чечсе, мектеп директору билим берүү, маданий багытты кароосу керек.

7) Жергиликтүү бийлик чыгармачыл окутуучулардын, өзгөчө таланттуу жаштардын ошол айылдын кадыр-баркын көтөргөн адам катары атайын иш-чараларды уюштуруш керек жана моралдык жактан колдош керек.

8) Жергиликтүү бийлик жаштарды жана жаш адистерди ошол айылга алып калуу үчүн комплекстүү иш-чараны такай жүргүзүү керек. Бул негизги багыт. Ага билим берүү мекемелери сөзсүз катышуусу шарт.

9) Билим берүү министрлиги менен билим берүү мекемелеринин статусун ( бала бакча, баштапкы мектеп, орто мектеп ж.б.у.с.) аныктоодо жергиликтүү бийликтин сунушу негизги сунуш болуш керек. Анткени Бишкектеги адис айылдагы балдардын санын, жолдордун абалын жана кайсы айылга кандай мектеп туура келерин билбейт.

10) Бардык балдардын билим алуусун камсыздоо үчүн мектептердин арасында балдарды ташуучу автобустарды уюштуруу зарыл (балдары аз, материалдык-техникалык базасы начар, мугалимдери жетишпеген мектептин санын көбөйтпөстөн, шартына жараша 20-30 км аралыкта жайгашкан мектептерди бири-бирине кошуп, 3 мектептин ордуна талапка жооп берген 1 мектеп уюштуруу жетиштүү. Окуучуларды гана эмес, мугалимдерди да ташып иштетүүгө болот). Бүгүн бул - өкмөт чече ала турган маселе. Биздин айылда, райондордо, мисалы, 100 мектеп бар деп мактанбастан, талапка жооп берген 70 мектеп уюштуруу зарыл.

11) Айыл өкмөттөрү жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта болуп, жыл сайын керектүү болгон жаш адистерди даярдатып, айылга чакырып иштетүүнү уюштуруу керек. Жаш адистерди кызыктыруучу иш-чараларды иштеп чыгып жайылтуу зарыл.

12) Жергиликтүү бийлик интернеттен өздөрүнүн сайтын ачып, («Биздин айыл» сайты) ушул маселерди чечүүнү уюштурса болот.

13) Тирүүлөй жетимдер проблемасын чечүү үчүн атайын иш алып баруу керек. Анткени жаштар балдарын ата-энелерине таштап, башка өлкөлөргө иштегени кетип, балдардын тарбиясы каралбай калууда. Бул маселени чечүүнү да жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу колго алуусу керек.

14) Спорт комплекстерин ачуу: а) дене тарбия мугалимдери жумуш менен камсыз болушат; б) балдар бош убактысын ден соолугун чыъдоо менен бирге пайдалуу колдонушат; в) чектен чыккан жүрүм-турумдардын алдын алууга толук мүмкүнчүлүк жаралат.

Ушул көйгөйлөрдүн баары каржы маселесинен көз каранды. Бул маселени өкмөттүн көмөгү менен чечүүгө болот.

Адабияттар:

1. Кыргыз Совет энциклопедиясы. /Жооптуу ред: А.Табалдиев. - Фрунзе, 1976. - 487-б.
2. Жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү үчүн ресурстарды мобилизациялоо. - Бишкек, 2010. - 8, 17-бб.